# Техникалык коопсуздук эрежелери.

1. Ишти мугалимдин уруксааты жок баштабагыла.
2. Керек болгон заттарды үнөм менен өлчөп алгыла.
3. Химиялык заттарды даамдап билүүгө болбойт.
4. Эгер териге кислота же щелочь тамып калса, ал жерди тез суу менен жууп, мугалимге билдиргиле.
5. Кислотаны аз - аздан суунун үстүнө куйгула, тескерисинче жасоого болбойт.
6. Тез күйүүчү заттарды жылыткыч приборлордон алыс кармагыла.
7. Иштеп бүткөндө спиртовканы өчүр.
8. Тажрыйбадан кийинки керексиз заттарды атайын идишке салгыла.
9. Ишти аяктагандан кийин ордуңарды ирээтке келтирүүнү унутпагыла.